КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

А. Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

«Бекитемин»
ОшМПУнун ректору,
т.и.к., профессор Ж.Б. Зулуев
_____
_____ 2026-жыл

МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ, ЖОЖГО ЧЕЙИНКИ ДАЯРДОО ЖАНА ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

ЖОБО

ОШ-2026

I. Жалпы жоболор

1.1. Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, ЖОЖго чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүү бөлүмү (мындан ары – Бөлүм) А. Ж. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин (мындан ары – ОшМПУ) негизги түзүмдүк бөлүнүшү болуп саналат.

1.2. Бөлүм өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын, КР Министрлер Кабинетинин 2030-жылга чейинки Улуттук өнүктүрүү программасын, Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнү трансформациялоонун «Алтын казык» мамлекеттик программасын, 12 жылдык жалпы орто билим берүү моделине өтүү концепциясын, КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин ченемдик-укуктук актыларын, ОшМПУнун Уставын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.3. Бөлүм 2016-жылы КР Билим берүү жана илим министерлигинин атайын токтому менен берилген лицензиянын негизинде түзүлгөн.

1.4. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү мектеп мугалимдеринин жана педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, жогорку окуу жайга чейинки даярдоо, ЖРТга даярдоо, ошондой эле аралыктан/онлайн окутуу куралдарын колдонуу менен үзгүлтүксүз билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган.

II. Бөлүмдүн максаты

Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, жогорку окуу жайга чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу аркылуу билим берүү тармагындагы адистердин кесиптик компетенттүүлүгүн, инновациялык жана педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу, «Алтын казык» программасы менен 12 жылдык билим берүү системасынын талаптарына ылайык педагогдордун теориялык жана практикалык билимдерин туруктуу жаңыртып туруу.

III. Бөлүмдүн милдеттери

- 12 жылдык мектептик билим берүү форматына өтүү шарттарында жана жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча кыска жана узак

мөөнөттүү (анын ичинде 72 сааттык) программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү мектептеринин жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча муктаждыктарын канааттандыруу;
- Абитуриенттер үчүн жогорку окуу жайга чейинки даярдоо курстарын уюштуруу жана мектеп окуучуларынын Жалпы республикалык тестирлөөгө (ЖРТ) даярдык деңгээлин жогорулатууга багытталган программаларды иштеп чыгуу;
- Үзгүлтүксүз билим берүү системасын өнүктүрүү, педагогдордун билимдерин жаңылоого жана заман талабына ылайык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө шарт түзүү;
- Педагогикалык кадрлардын кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча илимий-методикалык иштерди жүргүзүү, STEM/STEAM-технологияларын жана заманбап педагогикалык усулдарды жайылтуу;
- Инновациялык, санариптик, онлайн ресурстарды (анын ичинде СЭДУ, электрондук платформаларды, аралыктан окутуу куралдарын) жана интерактивдүү окутуу технологияларын окуу процессине киргизүү;
- Семинар-тренингдерди, вебинарларды, мастер-класстарды жана форумдарды уюштуруу;
- Республикалык жана эл аралык уюмдар, билим берүү мекемелери менен кызматташтык мамилелерди өнүктүрүү;
- Квалификацияны жогорулатуу жана даярдоо курстарынын натыйжалуулугун баалоо боюнча мониторинг жүргүзүү;
- Билим берүү тармагындагы жаңылыктарды, методикалык колдонмолорду, окуу материалдарын иштеп чыгуу жана жарыялоо;
- Билим берүү сапатын жогорулатууга багытталган инновациялык долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

IV. Бөлүмдүн функциялары

- Квалификацияны жогорулатуу курстарынын жана программаларынын бекитилген тематикалык пландарын жана графикрин иштеп чыгуу жана бекитүүгө сунуштоо;
- Окутуучулар курамын тандоо, тармактык эксперттерди, практиктерди жана илимий кызматкерлерди окутуу процессине тартуу;
- Окутуу процессин уюштуруу, каттоо жана документтештирүү иштерин жүргүзүү;

- Курстарды ийгиликтүү аяктаган угуучуларга бекитилген үлгүдөгү күбөлүк же 72 сааттык сертификаттарды берүү процедурасын жүргүзүү;
- Электрондук окутуу жана аралыктан окутуу (онлайн, аралаш/blended learning) курстарын ишке киргизүү;
- Билим берүү программаларынын мазмунун 12 жылдык мектептик билим берүү концепциясына ылайык үзгүлтүксүз жаңылоо;
- Өлкөлүк жана эл аралык билим берүү долбоорлорун ишке ашыруу боюнча демилгелерди иштеп чыгуу;
- Курстарга катышуучулардын муктаждыктарын изилдөө жана окуу программаларын ошол негизде жаңылоо.

V. Бөлүмдүн укуктары

- Университеттин жетекчилигине квалификацияны жогорулатууну жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү жана долбоорлорду демилгелөө;
- Университеттин башка түзүмдөрү, билим берүү башкармалыктары, мектептер жана коомдук/эл аралык уюмдар менен кызматташуу келишимдерин түзүү жана биргелешкен иштерди жүргүзүү;
- Квалификацияны жогорулатуу курстарынан түшкөн кирешелерди бөлүштүрүү жана адистерге эмгек акы төлөө боюнча сунуш берүү;
- Өздүк билим берүү программаларын, силлабустарды жана автордук усулдарды иштеп чыгуу жана сунуштоо;
- Университеттин атынан келишимдерди даярдоо жана кызматташтык боюнча сунуш берүү.

VI. Бөлүмдүн жоопкерчилиги

- Бөлүм өз ишмердүүлүгүнүн сапаты, окуу программаларынын аткарылышы жана натыйжалуулугу үчүн университеттин жетекчилигине жооп берет;
- Курстарды уюштурууда жана окутууда мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана бекитилген саат көлөмүн сактоого милдеттүү;
- Финансылык, административдик жана методикалык ишмердүүлүк боюнча отчетторду, ошондой эле Министрликке талап кылынган маалыматтарды өз убагында берүү;
- Квалификацияны жогорулатуу боюнча берилген күбөлүктөрдүн жана сертификаттардын мыйзамдуулугун, каттоо эсебин камсыз кылуу.

VII. Башкаруу жана структура:

- Бөлүмдү жетекчи – бөлүм башчысы башкарат;
- Бөлүм башчысы ОшМПУнун ректору тарабынан дайындалат жана ага түздөн-түз башиет.

Бөлүмдүн курамына:

- квалификацияны жогорулатуу адистери;
- ЖОЖго чейинки даярдоо адистери;
- үзгүлтүксүз билим берүү жана методикалык иш адистери кирет.
- Ар бир адис өзүнүн функционалдык багыты боюнча иш алып барат жана бөлүм башчысына отчёт берет.

VIII. Акыркы жоболор

8.1. Бул Жобо университеттин Окумуштуулар кеңеши (же Окуу кеңеши) тарабынан каралып, ректордун буйругу менен бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

8.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын же билим берүү тармагындагы реформалардын өзгөрүшүнө жараша университеттин жетекчилигинин чечими менен киргизилет.